**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**

**“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**21-май 2026-жыл № 15** **Совет айылы**

**«Кызыл-Октябрь айылындагы жеке менчиктеги жер тилкесинин максаттуу багытын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 13, 14-беренелерин, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамын жетекчиликке алып, Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Октябрь айылынын А.Орозбеков көчөсүнүн, № 2/2 дарегинин тургуну Джумашова Асидахан Пусурманкуловнанын арызын карап чыгып, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз III-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Октябрь айылынын А.Орозбеков көчөсүнүн, № 2/2 дарегинин тургуну Джумашова Асидахан Пусурманкуловнага таандык болгон, жеке турак жай куруу үчүн берилген жеринин жалпы аянты 399,0 чарчы метр жер тилкесинин максаттуу багытын, коомдук тамактануу (кафе) жана башка кызмат көрсөтүү объектилерин жайгаштыруу багытына өзгөртүү жагы жактырылсын.

2. Аталган 399,0 чарчы метр жер аянтын багытын өзгөртүү боюнча документтер мыйзам талаптарына ылайык тиешелүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлсүн.

3. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко милдеттендирилсин.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.О.Оморов**